Токмок шаарынын ИИБнүн 2021-жылдын 09-июль күнү
МККна № 02-011-2021-002231
саны менен катталган иш кагаздары боюнча
МААЛЫМАТ

2021-жылдын 09-июль күнү Токмок шаарынын ИИБнө, Токмок шаардык шайлоо комиссиясынын ыкчам чара көрүү коррдинациалык тобунан (ЫЧКТ), "Партиорт Ынтымагы" саясий партиянын талапкери [redacted] тарабынан, Токмок шаарынын "Глобус" соода борборунда жана "Салтанат" кафесинде, жарандардын добуштарды сатып алуу максатында, азык-түлүк менен баштыктар таратылып жатканы боюнча маалыма келип түшкөн.

Аталган маалымат Токмок шаарынын ИИБнүн МККне № 02-011-2021-002231 саны менен катталып, текшерүү иштери башталган.

Токмок шаардык шайлоо комиссиясынын ыкчам чара көрүү коррдинациалык тобуна маалыматты берген [redacted] түшүнөдүрмө берүүгө Токмок шаарынын ИИБнүн Тергөө кызматына уюлдук телефон аркылуу чакырылган, бирок ал убакытым жок деп шылтоосунун негизинде, кагаз түрдө түшүндүрмөнү жана Токмок шаарынын ИИБнүн имаратына келүүгө баш тарткан, уйюлдук телефонд аркылуу сүйлөшүдө ал өзү көрсөткөн "Патриот Ынтымагы" саясий партиянын жана алардын талапкери [redacted] тарабынан азык-түлүк менен баштыктарды таратканы көргөн эмес, бирок биродөн уккан, ошол үчүн Токмок шаардык шайлоо комиссиясынын ыкчам чара көрүү коррдинациалык тобуна ооз эки кайрылган.

Текшерүү учурунда жогоруда көрсөткөн Токмок шаарынын Ленин көчөсүндө жайгашкан "Глобус" соода борборунда иштеген жумушчулары жана кардалдары менен, жана Токмок шаарынын М.Горький көчөсүндө жайгашкан "Салтанат" кафесинин жумушчулары жана кардарлары менен түшүндүрмө иштери жүргүзүлгөн, ал учурда аларды түшүндүрмө алынганда, алардын түшүндүрмөлөрү боюнча, жогоруда көрсөткөн соода борборунда жана кафесинин жанында, эч кандай талапкерлери, жана эч кандай саясий партинын тарабынан үгүттүк иштери жүргүзүлгөн эмес, андан тышкары, азык-түлүк менен баштыктары, эч кимдин тарабынан таратылган эмес.

Жогоруда көрсөтүлгөн маалымат боюнча азыркы учурда Токмок шаарынын ИИБү тарабынан керектүү тергөө амалдары жүргүзүлүп жатат, текшерүүнүн жыйынтыгы менен кошумча маалымат жиберилет.

**КР ИИМнин Тергөө кызматы**